КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН
ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ
НООКЕН РАЙОНДУК
ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ

инд. 721200 Ноокен р-ну Масы айылы Ленин к.№9
тел. факс 03734 5-05-44

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ
ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
НООКЕНСКОГО РАЙОНА

инд. 721200 Ноокенский р-н с.масы ул.Ленина №9
тел. 03734 5-05-44

25.11.2021 № 27-6/4048
№ катка

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына төрайымы
**Н. К. Шайлдабековага**

# БИЛДИРҮҮ

2021-жылдын 24-ноябрь күнү "Фейсбук" социалдык тармагына белгисиз жаран тарабынан "*мамлекеттик белгиси 7708 ВС сандуу "Тойота-Камри" үлгүсүндөгү автоунаасында* ***Аббас*** *аттуу УКМК кызматкери Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Сыдыков Бактыбектин үгүт баннерин илүүгө көмөк көрсөтүп жүрөт*"-деген видеотасма тартылып, социалдык тармакка таркатылган.

Алдын ала текшерүү мезгилинде, мамлекеттик белгиси **7708 ВС** сандуу "Тойота-Камри" үлгүсүндөгү автоунаасынын айдоочусу Бишкек шаарынын 6-микрорайонунун №42/59 үйүнүн тургуну 13.10.1992-жылы туулган **Абдимомунов Ж К** экендиги аныкталып, ал өзүнүн көрсөтмөсүндө; Ноокен районунун Момбеков айыл өкмөтүндө туулуп өсүп чоңойгонун, азыркы учурда Бишкек шаарынын К.Акиева көчөсүнүн №16 дарегинде жайгашкан "АККА" жабык акционердик коомунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына Ноокен райондук округунан бир мандаттуу талапкер катары өтүп жаткан Б.Сыдыков менен чогуу иштеп, анын шайлоого карата үгүт иштери жүрүп жаткандыгына байланыштуу, Б.Сыдыковко жардамдашуу максатында 2021-жылдын 13-ноябрь күнү Ноокен районуна өзү иштеген коомго таандык мамлекеттик белгиси 7708 ВС сандуу "Тойота-Камри" үлгүсүндөгү кызматтык автоунаасы менен келип, учурда Ноокен районунун аймагында аталган автоунаасын башкарып, шайлоого байланыштуу үгүт баннерлерин илүүгө жана башка түрдүү жумуштарына көмөктөшүп жүргөндүгүн. Ж.Абдимомунов Ноокен районуна келгенге чейин Кочкор-Ата шаарынын Тургенева жана Токтогул көчөлөрүнүн кесилишине илинген Б.Сыдыковдун үгүт баннеринин жиптери чечилип калгандыктан, аны оңдоп түзөп коюу максатында өзү жалгыз келип, баннердин чечилген жиптерин оңдоп-түзөп жатып, ошол жол аркылуу өтүп бараткан бейтааныш баланы чакырып, андан жардам сурап, оңдоп кеткендигин, учурдагы үгүт иштеринин жүрүшүндө социалдык тармактар аркылуу Жогорку

Кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Сыдыковго карата аны каралоого аракет жасалган көптөгөн далилсиз фейк материалдар таркатылып, ошолордун катарында эле жогоруда көрсөтүлгөн "Фейсбук" социалдык тармагына жайылган "***Аббас аттуу УКМК кызматкери Б.Сыдыковдун баннерин илишип жүрөт***"-деген маалымат жалган экенин, себеби Ж.Абдимомунов Бишкек шаарынан башкарып келген кызматтык автоунаасын өзү гана башкарып жүргөндүгүн, ошондой эле **Аббас** аттуу жаранды таанбайт жана көргөн эместигин билдирген.

Окуя болгон жерге Ноокен РИИБдин жетекчилиги жана документтештирүү тобу чыгып, окуя боюнча топтолгон материал райондук ички иштер бөлүмүнүн маалыматтардын бирдиктүү журналына 02-037-2021-001054 саны менен катталган.

Ал эми, улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Жалал-Абад областы боюнча башкармалыгын Ноокен райондук бөлүмчөсү тарабынан алынган катка ылайык, мамлекеттик белгиси 7708 ВС сандуу "Тайота-Камри" үлгүсүндөгү кызматтык автоунаа УКМКда катталган эместигин жана "Аббос" аттуу кызматкер УКМКда эч кандай бир кызмат ордун ээлебейт экенин көрсөткөн.

Текшерүү мезгилинде, "Фейсбук" социалдык тармагына жайылган видеотасманы жайгаштырган, Ташбаев Алымбек аттуу аккаунт ээсинин өздүгүн аныктоого мүмкүн болгон эмес.

Бүгүнкү күндө, Ташбаев Алымбек аттуу аккаунт ээси тарабынан "Фейсбук" социалдык тармагына жайылган видеотасмага ылайык, мамлекеттик белгиси **7708 ВС** сандуу **"Тайота-Камри"** үлгүсүндөгү кызматтык автоунаа УКМКда катталган эместигин жана **"Аббос"** аттуу кызматкер УКМКда эч кандай бир кызмат ордун ээлебейт экенин эске алып, бул окуянын жосунунда кылмыштын, жоруктун же бузуулардын белгилери байкалбагандыктан, окуя боюнча топтолгон материалдар мындан ары сактоо үчүн номенклатуралык журналына каттоо үчүн жиберилип, НД-037-2021-000018 саны ыйгарылгандыгын билдиребиз.

Ноокен РИИБдин начальниги
милициянын полковниги: **Мусаев А. Б.**